| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>АЛАМҮДҮН РАЙОНУ<br>СҮЙМОНКУЛ ЧОКМОРОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУЙМОНКУЛ ЧОКМОРОВ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2026-жыл 14-майы №106** **Мраморное а.**

**Коопсуздукту камсыз кылуу жана коомдук тартипти чыңдоо максатында видеокөзөмөл камераларын орнотуу үчүн тирөөчтөрдү коюуга жер тилкелерин берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун “Коопсуз өлкө” долбоорунун “Акылдуу-коопсуз шаар” программасын ишке ашыруунун маселелери жөнүндө Жарлыгын мындан ары өркүндөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-сентябрындагы №550 токтомун ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин линиясы боюнча видеокөзөмөл камераларын орнотуу үчүн тирөөчтөрдү коюуга жер тилкелерин берүү жөнүндө Сүймөнкул Чокморов айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Сүймөнкул Чокморов айыл аймагы боюнча коопсуздукту камсыз кылуу максатында видеокөзөмөл камераларын орнотуу үчүн тирөөчтөрдү коюуга ылайык жер тилкелери акысыз берилсин ( тиркеме №1)
2. Тиешелүү документтерди мыйзам талаптарына ылайыктуу даярдоо жана жер тилкелерин пайдалануу боюнча иштерди уюштуруу Сүймөнкул Чокморов айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Касымбеков Рустам Асаналиевичке жүктөлсүн.
3. Бул токтом Сүймөнкул Чокморов айылдык кеңешинин (https://chokmorov.gov/kg/) расмий веб-сайтында жарыялансын.
4. Айылдык кеңештин жоопту катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Чүй облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу, айылдык кеңештин жер, агрардык суроолор, архитектура, муниципалдык менчик, жол, суу (таза жана сугат суу) жана коммуналдык иштер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Акматказиев М.А.**